"Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ өкүлү акт түзөт,анын негизинде келтирилген зыянга эсеп жүргүзүлөт (суунун агышынын көлөмү,аварияну жоюу боюнча иштер,сарпталган материалдар жана үчүнчү жактардын чыгашалары). Суунун агышынын көлөмү өткөрмө түтүктүн шарттуу диаметри боюнча,суунун кыймыл ылдамдыгы (1 м/сек) авария башталгандан бузулган суутүтүктү шаардык суукамсыздоо тармагынан өчүрүү учурдан баштап. Эгерде авариянын башталышы аныкталбаса,өткөрмө түтүктүн бузулган убактысынан 24 саат кийин деп эсептелет. Эгерде бузулууга жол берген өкүлү актта кол койбосо актка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлү же үч кишиден турган комиссия кол коет.

11.2. Суу чыгаруу объектинин ээси берилген техникалык шарттарды же борбордук суутүтүк тармактарга уруксаат алуу,же агымдарды төгүү станциясына өз убагында чыгарбаса объект борбордук суутүтүгүнөн өчүрүлөт,анын ээси административдик жоопкерчиликке тартылат.

11.3.1. Эгерде объектке туташуу боюнча курулуш иштер баштала элек болсо,ичүүгө жарактуу сууга эсеп өчүрүлгөн өткөрмө түтүктүн кесүүсүнөн жүргүзүлөт жана суунун кыймыл ылдамдыгы (3/сек) өчүрүлгөн убакытка.

11.3.2. Эгерде жумушту өндүрүүчү берилген убакытта жумушту аткарбаса,ичүүгө жарактуу суунун жеткириле албай калгандыгы үчүн эсеп өчүрүлгөн өткөрмө түтүктүн кесүүсүнөн жүргүзүлөт жана суунун кыймыл ылдамдыгы (3/сек) өчүрүлгөн убакытка

11.3. Эгерде иштерди өндүрүүчүө (суу керектөө объекттин курулуш заказчысы) шаардык суукамсыздоо системасынын бөлүгүн уруксаатысыз өчүрсө, "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ келтирилген зыян суукректөөчүлөргө берилбей калган ичүүгө жарктуу суунун эсептеген саны боюнча эсептелет. Убагында берилбеген ичүүгө жарактуу сууга эсееп өчүрүлгөн өткөрмө түтүктүн кесүүсүнөн жүргүзүлөт жана суунун кыймыл ылдамдыгы (3/сек) өчүрүлгөнубакытка;

11.4. Шаардык суутүтүк жана канализация тармактарына юридикалык жана физикалык жактар уруксааты жок кошулуусу же уруксааты жок колдонуусу табылса алар көрсөтүлгөн тармактардан өчүрүлөт,күнөлүү тараптын эсебинен.Бул учурда бузучуурга суу түтүк жана канализация менен колдонгондугу үчүн эсеп кошумчалат. Эгерде туташуу башталган мөөнөттүү аныктоого болбосо суутүтүк жана канализацияны колдонуу мөөнөтү 30 календардык күнгө узарат.

11.5. Өндүрүш агымдарда ПДКсы ашыкча зыяндуу заттар табылса "Кочкорбаев айыл өкмөтүнүн көрктөндүрүү жана жашылдандыруу комбинаты" МИ доо келтирүүгө укугу бар.Күнөлүүлөрдү жоопкерчиликке тартыш үчүн эки жактуу учурларда керектүү материалдар керектүү органдарга өткөрүлүп берет.